# ЭЛ ЭНЕСИ – ЖУРТ ЭГЕСИ

**САБЫРБЕКОВА К.С.**
**КМЮА нын улук окутуучусу**
**ualibrary@mail.ru**

Кыргыз тарыхында кылымдарга аты калган кеменгер Курманжан Датка 1811-жылы Ош шаарына жакын Ороке кыштагында жарык дүйнөгө келген. Курманжан жаш кезинен эле өз оюн бетке айткан, зиректиги менен өзгөчөлөнүп турган, намыскөй кыз болуп чоңойот. Ал 17 жашка чыкканда атасы Маматбай жоош уруусунун Төрөкул деген бийинин анча мааниси жок Кулсейит аттуу уулуна күйөөгө берет. Бирок күйөөсү көңүлүнө толбогон Курманжан мезгилинин катаал мыйзамына каршы туруп бир жылдан кийин үйүнө келе берет да, 1832-жылы баргы уруусунун бийи Алымбек датка менен кокусунан жолугуп, көп узабай аны менен тагдырын кошот. Мына ушул мезгилден тарта Курманжан мамлекеттик жана коомдук ишмерге айланат.

Бүгүнкү күндө Курманжан датканын өмүрүн чагылдырган документалдык жана көркөм фильмдер, романдар, пьесалар, поэмалар, макалалар жана уламыштар жеткиликтүү. Ал эми бүгүн мен докладымда ачып берүүчү тема бул анын өрнөктүү өмүрүндө сыйынган асыл нарктары, өзөк катары карманган, тутунган жоболору, жетеке алган жогорку идеялары кандай? Ал үчүн биринчи кезекте эмне ыйык? Сөз ушул тууралу болот. Курманжан датка үчүн эң оболу Ата-журт ыйык, Мекендин эркиндиги, көз карандысыздыгы, өз алдынчалыгы ыйык. Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган эл-журттун биримдиги ыйык, калайык калктын жогорку мүдөө-кызыкчылыктары, улуттук ар намысы, эл алдындагы атуулдук парзы ыйык, атадан калган Ала-Тоо, анын алтын топурагы ыйык. Ага бир мисал Курманжандын тун уулу Абдылдабек аргасыз бөтөн эл, бөлөк жерде көз жумуп жатып жолдошторуна мындай дейт: “Канжар менен жаргыла да, жүрөгүмдү алгыла. Сөөгүмдү кара жердин бооруна бергиле. Жүрөгүмдү жети кылым, жети атабыз мекен кылган жерге насип буйруп жетсеңер, гүл баскан дөңгө чыгып, чукур казып көмгүлө. Жүрөгүм өз мекенимде жатсын”. Бул сөздөр албетте акылман атанын, даанышман эненин татыктуу тарбиясын алган атуулдун айтканы. Ошондой эле чыныгы Эл энеси үчүн адал мээнет, ак эмгек, акактай тунук абийир, аруу адеп-ыйман, барга топук, жокко сабыр кылган айкөл жүрүм турум ыйык. Буга бир далил: орус төрөлөрүнүн сүрөтчүсү анын кебетесин кагазга түшүрүп жатканда башын бийик көтөрүп, бийликтин сесин сездирип, көздөрүнөн сүрдүүлүктү көрсөтүп түшкөн жок, тескерисинче, башын дароо ылдый кылып мусулман аялдарындагы ыймандуулукту, кыргыз аялдарындагы ыйбоолукту, сыпайылыкты көрсөттү. Жалпы кыргыз аялдарына тиешелүү болгон ушул элес кылымдарды карыткан кыргыз тарыхында сакталып кала берди.

Курманжан датка үчүн дагы эмне улук? Абалтан уланып келаткан ата бабанын уңгулуу салт-санаасы улук. Ата конуштун бийик мүдөөлөрү үчүн кол кармашкан, бекем ширелген, саткындыкка, чагымчылдыкка барбаган, адалдыкка, абийирге негизделген достук, ынтымак, бирдик улук. Датканын элдин кызыкчылыгын, уулунун өмүрүнөн бийик койгон иш-аракеттери анын бекем эрктүүлүгүнөн кабар берип жана “Эл энеси” деген атын толугу менен актап турат.

Ушул жерден тарыхка бир тактоо киргизип кетээр элем. Биздин кээ бир өзүн тарыхчы атаган жөө жомокчуларыбыз аялдан чыккан биринчи датка Ак Зыйнат аттуу теги шек жараткан датка тууралу жомокторун токуп келишет. Бул тарыхый фактыларга дал келбеген божомолдор акыл-эси жайында адамдын жай жаткан күлкүсүн козгобой койбойт. Анткени биз билгендей Курманжанга “Датка” даражасын Бухара эмири Музафар ыйгарган. Ислам дининдеги мындай талаш жаратчу маселелерди чечүү, Исламдын ошол мезгилдеги “Чыгыш борбору” аталган Бухаранын гана ыйгарым укуктарында болчу. Ал эми дин бузар чала молдолорго толгон Кокон ордосунда мындай иштер жөнүндө ооз ачуу алардын деңгээлине жараша эмес эле. Тескерисинче, Канайым, биздин Ак Зыйнат эжекебиздин тууганы Жаркын айым ар кайсы жолдор менен ыңгайы келсе жолуга калып, ыңгайы келбесе киши чаптырып Алайдагы Даткайымдан кеп-кеңеш, жардам-көмөк сурап турган. Мүмкүн ашуунун ары жагында жүрүп Кокон ордосунда менин туугандарым бийлик кылат, алар үчүн мага датка наамын берип коюш эч кеп эмес деп жүрүп датка атанган инсан болгондур, бирок кеменгерлиги менен көрөгөчтүгү, акылмандыгы жана даанышмандыгы, сыпайыкерчилиги менен жөнөкөйлүгү аркылуу атагы ар жагы Кытайдын Улуу сепилин ашып, бул жагы Балтиканын булуңдарын бойлогон Курманжан даткадай инсан миң жылда бир чыгары баарыбызга белгилүү.

Датка энебиздин жогоруда саналып өткөн ыйык санап тутунган патриоттук дөөлөттөрү, моралдык касиеттери болгондугу үчүн тарыхтын, мезгилдин кыйын-кезең сыноолорунда рухий жабырланууга учурабай, жолдогу “бороон-бурганактарда” адашпай, “сормо-саздарга” тыгылбай, “тайгактуу ашууларда” сыйгаланбай, жүзүнөн, ишениминен өзгөрүлбөй, ичинен бекем, жеңилбес, майтарылбас бойдон кала берди. Анын мындай уңгулуу, түптүү, өзөк рух кенчтери, ыйык максаттары бүгүнкү биздин улуттук идеологиябыздын, чордондуу түшүнүктөрүнөн, мерчемдүү уюлдарынан болуп калууга тийиш. Азыркы адеп-ахлак кризисинде турган коомубуздун жарандарынын жан дүйнөсүн Курманжан Датканын жогорудагы ыйык нарктары менен “дарылоо” керек. Ушул ыйык дөлөөттөр – биздин илгертен, тээ Манас Атадан бери мурасталып келаткан рухий касиеттерибиз, биздин улуттук асыл топурагыбыз. Эгерде ар бир кыргыз атуулу өзүнүн ушул “улуттук топурагына көчөт болуп” тигиле билсе, бир боор асыл кыртышына тамырларын терең житире билсе, эгерде биздин азыркы жаш муун, XXI кылымдын кадрлары дүйнөлүк алдыңкы технологияны, илим-билимди, компьютер өнөрүн терең өздөштүрүп, ошону менен бирге өздөрүнүн адеп-ыйманы, руху, патриотизми жагынан Курманжан Датка сыяктуу болушса, анда калкыбыз тыштан келген чоочун массалык маданияттын азгырыгына алдырбай, дүйнөлүк миграция менен интеграциянын, күчтүү автоматташтырылган цивилизациялардын артынан ээрчип кетпей, өкүм күчүнө туруштук берип, улут катары өз бетинчелигин сактап, дүйнөлүк көчкө татыктуу кошула алмак демекчимин.